3.4. Мугалимдердин жеке иш пландарын бекитуу,автордук программаларды жана усулдарды талдоо.
3.5. Көчүрүү класстарында жыйынтык текшеруу жол-жобосу учун аттецтациялык материалды, бүтүрүү класстарында жыйытыктоочу аттецтация өткөрүү үчүн (оозеки экзамендер үчүн)аттецтациялык материалды бекитүү.
3.6. Предметтин окутулуш абалына талдоо жүргүзүү.
3.7. Тийиштүү тематика боюнча бири-биринин сабагына катышууну уюштуруу,жетишпеген натыйжаларды ар ким өзү жана биргелешип талдоо.
3.8. Предмет боюнча ар кайсы автордун иштелмелери менен таанышуу,предметтен сабак берүү усулдарын талдоо.
3.9. Предмет боюнча усулдук иштелмелер менен таанышуу максатында ,белгилүү тема боюнча ачык сабактарды өтүү.
3.10. Алдынкы педагогикалык тажрыйбаны иликтөө,жалпылоо жана жайылтуу.
3.11. Предмет боюнча эксперименттик иш жүргүзүү.
3.12. Предмет боюнча билим беруу стандарттарынын негизинде программанын өздөштүрүлүшүнө баа берүүнүн бирдиктүү талаптарын иштеп чыгуу.
3.13. Окуучуларды аралык жана жыйынтыктоочу аттециялоо тутумун иштеп чыгуу.
3.14. Билим беруучу уюмунда предметтик жумалыктарды уюштуруп өткөрүү,предметтик олимпиадалардын,сынактардын ,биринчи баскычын уюштуруп өткөрүү.
3.15. Окуучулар менен предмет боюнча класстан тышкары иштерди уюштуруу.
3.16. Окуу кабинетине ,сабактын жабдылышына коюлуучу заманбап талаптарга ылайык предмет боюнча окутуу каражаттарын уюштуруу.
3.17. Усулдук бирикменин жаш мугалимдери менен иштешүү.
3.18. Мугалимдердин өз алдынча кесиптик билим алуусу ,кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарындагы иши жөнүндө ,чыгрмачыл иш сапарлар жөнүндө отчетторду угуу.

4. Мектептеги усулдук бирикменин аткарган кызматтары.

4.1. Мектептеги иш планын ,усулдук темасын райондук , усулдук кабинеттердин сунуштарын чагылдыруучу усулдук бирикменин ишин пландоо.
4.2. Отурумдарды өткөрүү.
4.3. Семинардык сабактарды ,тренингдерди ,ачык сабктарды ж.у.с өткөрүү аркылуу мектептеги кесиптик чеберчиликти жогорулатуу тутумун уюштуруу.
4.4. Усулдук бирикменин предметтери боюнса класстан тышкаркы иштерди, конкурстардын материалдарын,олимпиадалык тапшырмалардын иштелмелерин даярдоо.
4.5. Усулдук бирикменин ар бир мүчөсүнүн эмгекке катышуу коэфицентин аныктоо үчүн комиссия түзүү.

5. Усулдук бирикменин ишин уюштуруу.

5.1. Мугалимдердин Усулдук бирикмеси өз ишин уюштуруу үчүн жетекчи шайлайт .
5.2. Усулдук бирикменин ишмердиги мектеп планына ылайык жүзөгө ашырылуучу пландоонун, педагогикалык жамааттын иштеп чыгуусуна кабыл алынган усулдук теманын, райондук, усулдук кабинеттердин нускамаларынын негизинде уюштулат.
5.3. Мугалимдердин өз алдынча кесиптик билим алуу пландары эске алынат.
5.4. Бирикменин иш планын мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары окуу жылынын башталышында бекитет.
5.5. Мугалимдердин усулдук бирикменин белгилүү жана берилген тематика боюнча семинардык сабактарды,сабактар түрмөгүн уюштура алат.
5.6. Окуу жылы ичинде мугалимдердин Усулдук бирикменин отурумунда протокол жургузулуп ,токтомдор кабыл алынат.